БЕКИТЕМИН

ОшМУнун илимий иштер боюнча проректору

_______________ ф-м.и.к., доцент Р.Арапбаев

«___» _______________ 2023-жыл.

Ош мамлекеттик университетинин филологиялык билим берүүнүн технологиялары кафедрасынын жыйынынын

№ 1 ПРОТОКОЛУНАН КӨЧҮРМӨ

«08» сентябрь 2023-ж. Ош шаары

**Күн тартиби:**

Ош мамлекеттик университетинин филологиялык билим берүүнүн технологиялары кафедрасынын аспиранты **«Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуунун технологиялары (орто мектептин мисалында)»** деген темада 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши боюнча кандидаттык экзаменди тапшыруу үчүн атайын дисциплинанын кошумча программасын кароо жана талкуулоо.

**Төрага**: С.Момуналиев – педагогика илимдеринини доктору, профессор, филологиялык билим берүүнүн технологиялары кафедрасынын башчысы 13.00.02.

**Катчы**: Раимбердиева З. С. – филологиялык билим берүүнүн технологиялары кафедрасынын доценти, педагогика илимдеринин кандидаты.

**Катышкандар:**

1. Момуналиев С.М.– (13.00.01), (13.00.02) п.и.д., профессор

2. Тагаева З. Б. – (10.02.01) ф.и.к., доцент

4. Жороев Т. А. – (13.00.02) п.и.к., доцент

5. Шаимкулов О. А. – (13.00.02) п.и.к., доцент

8. Раимбердиева З. С.- (13.00.02) п.и.к., доцент, катчы

6. Жумаев Н. – улук окутуучу

7. Маматова А. – улук окутуучу

**Каралуучу маселе**:

Кыргыз-Өзбек Эл аралык университетинин кесиптик колледжинин педагогикалык сабактар бирикмесинин окутуучусу, Ош мамлекеттик университетинин филологиялык билим берүүнүн технологиялары кафедрасынын аспиранты Б.А.Байиеванын 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча жазган **«Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуунун технологиялары (орто мектептин мисалында)»** деген темадагы кандидаттык диссертациялык иши боюнча кандидаттык экзаменди тапшыруу үчүн атайын дисциплинанын кошумча программасын кароо жана талкуулоо.

**Угулду**: Кафедра башчысы, п.и.д., профессор С.Момуналиев кафедра мүчөлөрүн Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу УАКтын №1 - 9/422. 26.09.2022 маалыматтык каты менен тааныштырды. Андан соң катчы п.и.д., доцент З.С.Райимбердиевага сөз берилди.

З.С.Райимбердиева (Кыргыз-Өзбек Эл аралык университетинин кесиптик колледжинин педагогикалык сабактар бирикмесинин окутуучусу) - ОшМУнун аспиранты Байиева Бегайым Абдугапаровнаны педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган **«Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуунун технологиялары (орто мектептин мисалында)»** деген темадагы диссертациялык иши боюнча кандидаттык экзаменди тапшыруу үчүн атайын дисциплинанын кошумча программасы жөнүндө айтып берди. Ошону менен бирге аталган

теманын жаңылыгы–орто мектептерде Алыкул Осмоновдун поэмаларын жаңы технологияларды колдонуп өтүүнүн мазмуну, критерийлери, системасы аныкталгандыгын белгилеп, акындын поэмаларын жаңы технологияларды колдонуп окутууда окуучулар үчүн психологиялык, педагогикалык (ресурстук, методикалык, уюштуруучулук) шарттарынын аныкталып, такталгандыгы, методикалык системасынын иштелип чыгылгандыгын, изилдөөнүн жыйынтыгынын натыйжалуугу жүргүзүлгөн эксперименттик тажрыйбада сыналуу менен текшерилип, анын натыйжасынан чыккан жыйынтыктар практикалык сунуш катары белгилендигин баяндады.

Докладдын негизинде төмөндөгүдөй суроолор берилди:

**Раимбердиева З. С**. – п.и.к., доцент

**Суроо:** Сиздин илимий изилдөө ишиңизде окуучулардын окурмандык компетенттүүлүгүн жогорулатуу үчүн окутуунун салттуу усулдарын пайдаланылдыбы?

**Жооп**: Ооба. Окутуунун салттуу усулдары да пайдаланылды. Алар менен интерактивдүү усулдар салыштырылып жыйынтык чыгарылды.

**Суроо:** Салттуу ыкма менен интерактивдүү усулдардын айырмачылыгы эмнеде экен?

**Жооп**: Салттуу ыкмалардан өзгөчөлөнүп, интерактивдүү усулдарда окутуучуга салыштырмалуу студенттер өздөрү изденишип, тексттерди, көркөм чыгармаларды талдоо менен окуучулар тексттин, чыгармадан алынган үзүндүнүн маани-маңызын түшүнүшүп, көркөм табиттери артат. Ар кандай типтеги тапшырмалар менен иштөө аркылуу текстти, көркөм чыгарманы ийне-жибине чейин иликтеп түшүнүшөт, өз жашоосунда, кесиптик ишмердүүлүгүндө пайдалана билгенге жетишишет.

**Жороев Т. А**. – п.и.к., доцент

**Суроо**: 1.Алыкул Осмоновдун өмүрү чыгармачылыгын окутууга арналган Т.Мусанбетов, Ж.Эшиев, Р.Дөөлөтбаковалардын диссертацияларынан сиздин илимий изилдөөңүздүн айырмасы кандай?

2.Окутуунун кайсы жаңы технологияларын сунуштадыңар.

**Жооп:** 1. Сиз атаган диссертанттардын изилдөөлөрүндө, маселен, Т.Мусанбетовдун изилдөөсүндө арналган проблемалык лекция сабагынын мазмуну боюнча ой жүгүртүүлөрү так, айкын, системалуу жана көрсөтмөлүү изилденсе, Ж.Эшиевдин изилдөөсүндө жалпы поэмалар боюнча ошону ичинде «Толубай сынчы» поэмасы боюнча илимий-методикалык негиздери каралган, Р.Дөөлөтбакованын изилдөөсүндө тектик бөтөнчөлүгүнө жараша ар кандай методикалык ыкмаларды, каражаттарды колдонууну сунуштаган. Ал эми биздин изилдөөбүз орто мектепте Алыкул Осмоновдун жалпы поэмалары санарип муунга жана окуп-түшүнүүгө арналган окутуунун технологияларына арналды.

2. Биз илимий изилдөөбүздө көптөгөн инновациялык багыттагы технологияларды «Эки бөлүктүү күндөлүк», «Фишбоун», «Болжолдуу суроолор», «Блок схемасы» жана башка жана жазуу речти өстүрүүчү стратегиялардан: «Төрт сүрөттүн айкалышынан бир тапшырма», «Сократтын семинары», «Сөздөн сүйлөмгө», «Графика», «Окурмандардын графиги» жана башкалар ошондой эле, оозеки речти өстүрүүчү кабарлашып окута турган стратегия, усул-ыкмаларды колдондук.

**Тагаева З. Б**. – ф.и.к., доцент

**Суроо**: 1.Орто мектепте Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуу боюнча календардык планда кандай бөлүштүрүлгөн?

2.Календардык планга киргизилбеген акындын кайсыл поэмаларын класстан сырткары иштерде окутууда, кайсы окутуунун технологияларын колдонуу өз натыйжасын берди?

**Жооп:** 1.Орто мектепте Алыкул Осмоновдун 6-класста «Толубай сынчы» поэмасына 2 саат , 9-класста «Эшимкандын тереги», «Ким болду экен?», «Өлүп тирилгендер» поэмаларына өмүрү чыгармачылыгы менен жалпы 7 саат, 10-класста «Жеңишбек», «Майдын түнү», «Махабат»

поэмаларына 7 саат бөлүштүрүлгөн. Бул албетте акындын кайталангыс, уникалдуу поэмаларына бөлүштүрүлгөн сааттар аздык кылат.

2.Класстан сырткары иштерде акындын «Менин энем», «Күлүйпа» поэмаларын окууга сунуштадык. Класстан сырткары иштерде акындын «Менин энем», «Күлүйпа» графикалык стратегия, үч бөлүктүү күндөлүк, төрт сүрөттүн айкалышынан бир тапшырма ыкмалары, инсанга багыттап окутуу, сынчыл ойломду өстүрүү методу менен өтүлгөн сабактар натыйжалуу болду.

**Талкууга чыгышты:**

**Шаимкулов О. А**. –п.и.к., доцент. Аспирант Б.А.Байиеванын кандидаттык экзаменди тапшыруу үчүн атайын дисциплинанын кошумча программасы **«Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуунун технологиялары (орто мектептин мисалында)»** деген темадагы кандидаттык диссертациялык ишин бекитүү үчүн талап кылынган критерийлерге толук жооп берет. Анда заманбап, инновациялык усулдар аркылуу мектептерде окутууну натыйжалуу алып баруу жолдору толук чагылдырылган.

Кошумча программаны бекитүүнү сунуштайм.

**Төраганын жыйынтык сөзү:**

**Момуналиев С.М**. – п.и.д.: Биздин бүгүнкү кафедранын отурумунда аспирант Б.А.Байиеванын **«Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуунун технологиялары (орто мектептин мисалында)»** деген темадагы диссертациялык иши боюнча кандидаттык экзаменди тапшыруу үчүн атайын дисциплинанын кошумча программасы кароо жана талкуулоо максатында өткөрүлдү. Программа боюнча баяндамачынын баяндамасын жана ага карата кафедра мүчөлөрүнүн пикирлери уктук. Талкуунун жыйынтыгын чыгарып жатып, кошумча программада диссертациянын темасына шайкеш, орто мектептерде Алыкул Осмоновдун поэмаларын натыйжалуу окутуунун технологиялары толук өлчөмдө чагылдырылгандыгын белгилеп кетким келет.

Аспирант Б.А.Байиеванын 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча жазган **«Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуунун технологиялары (орто мектептин мисалында)»** деген темадагы кандидаттык диссертациялык иши боюнча кандидаттык экзаменди тапшыруу үчүн атайын дисциплинанын кошумча программасын бекитүү үчүн добуш берүүнү сунуштайм.

**Добуш берүү**: макул – 7; каршы – 0; калыс – 0

Б.А.Байиеванын «Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуунун технологиялары (орто мектептин мисалында)» деген темада 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) жазган диссертациялык иши боюнча кандидаттык экзаменди тапшыруу үчүн атайын дисциплинанын кошумча программасын кароонун жана талкуулоонун негизинде жыйын

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Б.А.Байиеванын «Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуунун технологиииялары (орто мектептин мисалында)» деген темада 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) жазган диссертациялык иши боюнча кандидаттык экзаменди тапшыруу үчүн атайын дисциплинанын кошумча программасы бекитилсин.

**Төрага, ОшМУнун ФББТ кафедрасынын башчысы**

**педагогика илимдеринин доктору, профессор:** **С. Момуналиев**

**Жыйындын катчысы, ФББТ кафедрасынын педагогика илимдеринин**

**кандидаты, доцент:** **З.С.Райимбердиева**

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ

Ош МУ
Тастыктаймын
20____ж. «_____»__________
Кадрлар бөлүмүнүн башчысы Турдубаева Г.

БЕКИТЕМИН

ОшМУнун илимий иштер боюнча проректору

_______________ ф-м.и.к., доцент Р.Арапбаев

«___» _______________ 2023-жыл.

Б.А.Байиеванын 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча кандидаттык экзамендин кошумча программасы

**Кошумча программанын мазмуну**

Программа орто мектепте Алыкул Осмоновдуң поэмаларын окутуунун жаңы технологияларынын түрлөрүн камтыйт. Анда кыргыз педагогикасындагы актуалдуу темага көркөм адабиятты окутуунун тутумун илимий-методикалык жактан негиздеп, аларды окутуу ишинде, педагогикалык ишмердүүлүктө пайдалануунун натыйжалуу методдорун, ыкмаларын иштеп чыгууга жана өркүндөтүүгө арналган. Аталган кошумча программа бүгүнкү күндө орто мектеперде Алыкул Осмоновдун кыргыз адабиятын окуп-үйрөнүү методикасы илими үчүн актуалдуу, себеби: биринчиден, азыркы жаштардын басымдуу бөлүгүнүн адабиятка, анын ичинде, көркөм чыгармаларга кызыгуусунун солгундашынын бир булагы - ааламдашуу процессинин активдештирилишинен улам маалымдоо технологияларынын окуучуларга таасиринин күчтүүлүгү болсо, экинчи булагы – орто мектептерде Алыкул Осмоновдун поэмаларын натыйжалуулугуна жетише албай жаткандыгыбыз менен байланышат. Бул эки булак адабиятты окутуунун мазмунун, формасын жаңылоону, технологияларын өркүндөтүүнү, анын максат-милдетин окуучулардын билим алууга деген даярдыктарын жогорулатууга багыттоону талап кылат.

**Колдонулган адабияттар:**

1.Адабият терминдеринин түшүндүрмө сөздүгү. Түзгөндөр: Ж.Шериев, А.Муратов. [Текст]/– Фрунзе: Мектеп, 1987. –135 б.

2.Абнуназарова, А. «Толубай сынчыны» кайра окуганда.[Текст]/ Абнуназарова А. –Ала-Тоо 1991 №12,–152-153 бб

3.Абдураимова,З. Мугалим, сабак жана сынчыл ойлом стратегиясы.Толукталып, ондолуп басылышы. [Текст] /З.Абдураимова. –Ош 2021,–10-11

4.Абрамович, Г.Л.Введение в литературоведение.6-басылышы.[Текст]/–Москва, 1975. –222 б.

5.Азаров, Ю.П. Учиться, чтобы учить [Текст] / Ю.П.Азаров. Нов. мир, –1987, №4, 7-8 бб.

6.Абдыкеримов, М.Адабият хрестоматиясы. [Текст] // М. Абдыкеримов–1933, 23-24 бб.

7.Байгазиев С., Муратов А., Абдулхамидова Б., Акматов К. Кыргыз адабиятынын программасы [Текст] – Б.: 2018

8. Байгазиев С.О. Окутуунун интерактивдүү методдору [Текст]. – Б.: 2004.

9. Бекбоев И.Б. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери. - Б.: Педагогика, 2003. - 304 б.

10. Момуналиев С. Педагогикалык-психологиялык терминдердин сөздүгүндө -Б.:2014, 442-бет.

11. Муратов А., Акматов К.К. Мугалимдин устаттыгы жана окутуунун жаңы технологиялары. – Б.: Таалим, 2022

12. Оторбаев Б. К. Адабиятты окутуунун жаны технологиялары. [Текст] – Б.: 2010.

13. Оторбаев Б.К. Мектепте адабиятты интерактивдүү окутуу. [Текст] – Б., 2010.

14. Рысбаев С.К. Кыргыз балдар адабияты: проблемалар, портреттер жана окуп-үйрөнүү маселелери. ЖОЖдордун, педагогикалык факультеттердин окутуучулары, студенттери, аспиранттар жана изденүүчүлөр үчүн окуу куралы. 5-китеп, толукталып 2-басылышы. Бишкек, 2015.

15. Саалаев Д. Окутуунун интерактивдүү усулдары [Текст] - Б.: 2009. 3 - б.

16. Үкүева Б.К. Жогорку окуу жайларында студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн жогорулатуунун илимий-методикалык негиздери. Ош, 2012.

Кандидаттык экзамендин кошумча программасынын

СУРООЛОРУНУН ТИЗМЕСИ

1. Окутуунун технологиялары деген эмне?

2. Окутуунун жаңы технологиялары аркылуу окуучулар кандай көндүмдөргө ээ болушат?

3. Орто мектептерде Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуунун технологиялары боюнча кандай изилдөөлөр бар?

4. Окутуунун жаңы технологияларына багытталган соңку жылдарда чыккан кандай эмгектер бар?

5. Адабият сабагында Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуу боюнча сааттар кандай бөлүнгөн?

6. Интерактивдүү усулдар деген эмне?

8. Салттуу усулдардан эмнеси менен айырмаланат?

10. Мугалим дайындуу мисалдар менен жаңы теманы түшүндүрүп, мазмунун жана эрежесин окуучу өзү таап ала тургандай жагдай түзүү усулу эмне деп аталат?

11. Мугалимдин шыгынын, устатыгынын, чеберчилигинин негизинде усулдарды кандайча колдоно алышы эмнеге байланыштуу?

12. Окуучуларды көркөм чыгармалардын маани-маңызын талдай билүүгө үйрөтүүнүн кандай жолдорун сунуштоого болот?

15. Окутуунун жаңы технологияларынын кандай артыкчылыктары жана жетишкендиктери бар?

18. Окуучулар алган билимдерин турмушта пайдалана алуусу үчүн эмне кылуу керек?

19. Окуучуну көркөм чыгарма же китеп окууга кызыктыруу үчүн кандай усулдар натыйжалуу?

20. Сократтын семинары стратегиясы аркылуу окуучуларда кандай ишмердүүлүктөр пайда болот?

21. Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутууда илюстрациялык көнүүгүлөрдү аткаруунун артыкчылыктары эмнеде?

22. Төрт сүрөттүн айкалышынан бир тапшырма усулу  аркылуу окуучуларды кандай ой жүгүртүү жөндөмдөрүн өстүрсө болот?

23. Окуу процессинин философиясы кандай болушу керек?

**Төрага, ОшМУнун ФББТ кафедрасынын башчысы,**

**педагогика илимдеринин доктору, профессор:                С.  Момуналиев**

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ ОТДЕЛ КАДРОВ

Ош МУ
Тастыктаймын
20____ж. «_____»___________
Кадрлар бөлүмүнүн башчысы Турдубаева Г.